Китеп түрк тилдүү мамлекеттердин саясаттын колдоо фонду
заказы менен которулуп басылды.
Китеп бекер таркатылат.

Книга переведена издана по заказу фонда поддержки политики
тюркоязычных государств.
Книга распространяется бесплатно.

## «КЫЛЫМДЫН КЕЛИШИМИ» ЭЛ АРАЛЫК ДЕҢГЭЭЛДЕГИ ОКУЯ

Гейдар Алиев «Кылымдын келишими» жана анын ишке ашышынын 20 жылдык тарыхы – ошол мезгил ичинде жетишилген ийгиликтер, көз карандысыз Азербайжандагы укуктук демократиялык, светтик мамлекеттик курулуш процессинин натыйжасы, Азербайжан мамлекетинин пландуу түрдө жүргүзүлгөн ички жана тышкы саясатынын натыйжасы, Азербайжанда базар экономикасынын принциптеринин калыптанышы, өлкөбүздүн дүйнө экономикасы менен болгон интеграциясы жана Азербайжан мамлекетинин өлкөгө тышкы ивестицияларды тартуу багытында алпарган алгылыктуу аракеттеринин натыйжасы болуп эсептелет.

1991-жылы 18-октябрда өз эгемендүүлүгүнө жетишкен жаш Азербайжан Республикасынын алдында аткарылышы зарыл болгон бир нече негизги милдеттер турган: биринчиси, өз суверендүүлүгүн, мамлекеттин эгемендүүлүгүн жана территориялык бүтүндүгүн сактоо, Тоолуу Карабаг проблемасын Азербайжандын аймактык бүтүндүгүнүн негизинде чечүү; экинчиси, дүйнө коомчулугу тарабынан көз карандысыз, укуктук, демократиялык мамлекет катары таанылуу, дүйнө биримдигинин толук кандуу мүчөсү болуу; үчүнчүсү болсо, учурдагы экономикалык потенциалдан пайдалануу менен базар экономикасынын принциптеринин негизинде өз экономикалык өнүгүү багытын аныктоо жана өлкө экономикасын заманбап талаптарга ылайык модернизациялоо, өнүктүрүү, Азербайжан элине татыктуу жашоо шартын түзүп берүү.

Жаңыдан эгемендүүлүгүнө ээ болгон Азербайжан Республикасынын экономикалык потенциалы өз элине жетиштүү деңгээлде жашоо шартын түзүп берүүгө жана экономикасынын негизги багыттарын заманбап дүйнө стандарттарынын деңгээлинде курууга жетет. Бирок эгемендүүлүктүн даамын жаңы гана татып жатканда Азербайжан Республикасы коңшу Армения менен адилетсиз согушка кирүүгө мажбур болду, көптөгөн материалдык жана моралдык чыгымдарга дуушар болду. Азербайжандын территориясынын 20 пайыздан ашыгы Арменияның Куралдуу Күчтөрү тарабынан басып алынды жана андагы жашоочулардын бир миллиондон көбү качкын болуп же жер которуп кетүүгө мажбур болушту. Азербайжан Республикасы 1990-93-жылдары саясий жана экономикалык кризистин чегине келип жетти. Өлкөнүн суверендүүлүгүн бекемдөө, экономикасын жаңыдан куруу жана өнүктүрүү, нефть өндүрүшүнө тыштан инвестиция тартуу үчүн тез арада башка өлкөлөр менен мамиле куруп, саясий жана экономикалык жактан келишимдерди түзүүгө жетишүү керек. Мындай заманда Азербайжан

Республикасы Хазардын нефть жана газын иштетүүдө чет өлкөлүк компаниялар менен бирге иш жүргүзүүгө багыт алды. Бул жолдо Азербайжан бир жагынан чет өлкөлүк компаниялардан жардам алуу менен өз экономикасын калыптандырган болсо, экинчи жагынан, ал компаниялар тиешелүү болгон өлкөлөрдүн саясий колдоосуна ээ болуу менен Карабаг проблемасын да чечүү жана басып алынган аймактарын кайтарып алуу, мамлекеттин суверендүүлүгүн бекемдөө максатын көздөдү. Батыштын алдыңкы компаниялар 1989-жылы эле Азербайжандын деңиздеги нефть запастарын иштетүүгө кызыкдар экендигин билдиришкен. Ал эми 1990-жылы деңиздеги «Азери» нефть запасын иштетүү боюнча алгачкы тендер жарыяланды. Бирок Азербайжандын ошол убактагы жетекчилиги мамлекеттин өз алдынчалыгына анчалык ишенбей, Москванын көрсөтмөсү менен иш жүргүзгөндүгү үчүн, бул саясат ишке ашпады.

1992-жылы батышчыл жана түркчүл саясат жүргүзгөнүн айткан Мусават Элдик Фронтунун бийликке келиши менен чет өлкөлүк компаниялар менен болгон экономикалык мамилелер салыштырмалуу жандандырылды. Баку менен эл аралык компаниялар «Бритиш Петролиум» компаниясынын мамилеси дагы бир топ жакшырды. 1993-жылы жай мезгилинин башында алгачкы нефть келишими кол коюлууга даяр болуп калган. Ошол эле 1993-жылдын 22-майында Азербайжан Элдик Фронту бийлигинин мезгилинде Азербайжан Республикасынын Мамлекеттик Нефть Компаниясы менен бир нече Батыш нефть компаниялары арасында Азербайжан нефтин биргеликте иштетүү боюнча декларацияга кол коюлду. Ал декларацияда Хазар деңизинин шелфинде болгон «Азери», «Чырак» жана «Гүнешли» нефть запастарын биргеликте иштетүү каралган. Келишимде бардык кызыкдар тараптардын өз үлүшү аныкталган. Алгач АРМНУна (Азербайжан Мамлекеттик Нефть Компаниясы) 30 пайыз, калган 70 пайыз болсо чет өлкөлүк компаниялар арасында бөлүнөт эле. Улуу Британия-Норвгия альянсы болгон «Бритиш Петролиум-Статойл» компаниясына 36,7 пайыз, «АМОКО» (АКШ) компаниясына 16 пайыз, «Пензойл-Пемко» альянсына (АКШ-Улуу Британия) 17 пайыз, «Юнокал» (АКШ) компаниясына 16 пайыз, «Мак-Дермот» (АКШ) компаниясына 3,5 пайыз, «Түркиш петролиум корпорейшн» (Түркия) компаниясына болсо 2,5 пайыз.

1993-жылдын жазында ошондой эле Азербайжан нефтисин транспортировкалоо маселеси үстүндө иш жүрүп жаткан. 1993- жылдын март айында ошол күнгө чейин иш жүзүнө ашпаган жана Бакудан Түркиянын Жер Ортолук деңизинин жээктерине Иран мамлекетинин аймагы аркылуу өтө турган нефть куурларын куруу тууралуу

Азербайжан-Түркия келишими макулдашылды. Аталган келишимдин баасы 1,4 миллиард АКШ доорларына бааланды.

Батыш нефть компаниялары менен баасы 9 миллиард АКШ долларына барабар болгон башка келишим Лондондо 1993-жылдын 30-июнь айында кол коюга даярдалды. Бирок келишимдин кол коюлушуна бир нече жума калганда Азербайжандын Генже аймагында төңкөрүш чыгып кетти жана ошол мезгилдеги Азербайжан президенти Абулфез Элчибей өз постун калтырып, кичи мекени болгон Нахчыван АР Ордубад районунун Келеки айылына келген. Бул бийликтин кризисинин негизги себеби эмне болгон?

Алгач баса белгилеп айта кетүүчү нерсе, Азербайжандын мындай саясий жана экономикалык жактан маанилүү болгон нефт келишимдерге кол коюшу, анын экономикалык абалынын алдыга секирик жасоосуна, аймактагы ири геосаясий өзгөрүүлөрдүн болушуна алып келиши мүмкүн болчу. Натыйжада, Бакуга нефть долларларынын агып келүүсүнө, Карабаг проблемасынын чечүүгө күчү жеткен туруктуу армиянын пайда болушуна, Азербайжандын ал аймактагы элинин санын бир кыйла арттырууга көмөкчү болор эле. Бирок, ал үчүн Азербайжандын бийлик башына коңшу мамлекеттер менен, өзгөчө Иран жана Россия менен мамилелерин оңдоого жөндөмдүү болгон, ар тараптуу өз ара пайдалуу саясат жүргүзүүгө жөндөмдүү болгон күч келиши керек эле. Ошол убактагы бийликтин жүргүзгөн үйрөнчүк саясатынын натыйжасында Азербайжандын суверендүүлүгүнүн бекемделиши коңшу мамлекеттерден Арменияга, Иранга жана Россияга эч жакпай турду. Азербайжандын ошол убактагы бийлиги жакынкы келечекте Азербайжан күчтөнүп, Карабаг проблемасын өз пайдасына чечкенден кийин Иранда жашаган 25 миллиондон ашык азербайжандыкты да өз кучагына алган улуу мамлекетке айлана турганын айтканда, Иран өзгөчө тынчсызданды. Элдик Фронттун лидери өзүнүн жоопкерчиликсиз сөздөрү менен Ирандын кыжырына тийип алды. Мурунку президент Э. Элчибей берген интервьюларынын биринде мындай деген: «Иранда 20-25 миллион азербайжандык жашайт, ошондой болсо да, алар үчүн эне тилинде окуткан бир дагы мектеп жок. Ал жактагы Азербайжандыктардын эч кандай улутчулдук сезими жок, ошондой эле алардын укуктары тебеленип жатат».

Албетте, мындай сөздөр ошол учурдагы Ирандагы режимдин башындагылардын жана ал жакта жашаган Азербайжан элитасынын бир тобунун наразычылыгын жаратпай койгон жок.

1993-жылдын жай айларында кол коюлушу белгиленген келишимдер Россиянын да купулуна толгон жок. Ошондуктан, Россия Азербайжандын келишимин кабыл алса да, анын байлыктарынан кур

жалак калгысы келген жок. Расмий Москва Азербайжандын ушундай же башка бир жол менен Россиядан экономикалык жактан көз каранды абалга түшүүсү үчүн неоимпериялык саясатын жүргүзүп жатты. Россия негизинен Хазардын статустук маселелерин жана нефть куурларынын транспортировкалоо жолдорун өз көзөмөлү алдында кармап тургусу келди. Бул Азербайжандын Россиядан толук көз карандылыгын кайрадан камсыз кылуу деген сөз эле. Азербайжан мамлекет катары өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн биринчи Россия жана Иран менен такталган, ошол өлкөлөрдүн аймактагы кызыкчылыгын аз да болсо аныктай ала турган саясат жүргүзүшү керек эле. Болбосо, жаш Азербайжан Республикасы күчтүү коңшулары тарабынан экономикалык жана саясий, ал гана эмес, аскердик басымга дуушар болуп калышы мүмкүн эле. 1993-жылдын жай айларында Элдик Фронттун бийлиги мезгилинде кол коюлушу керек болгон келишимдерде Россиянын үлүшү жана ролу эч көңүлгө алынбаган эле. Мындай учурда Россия Тоолуу Карабагдын картасынын айланасында баштаган оюндарын активдештирди. 1993-жылдын апрель айында Келбежердин айланасында Азербайжан армиясынын Шимал флангы талкаланды. Июнда болсо Агдам жана Мардакерт райондорунун тегерегиндеги полктун борбордук бөлүгүндө да абал оорлошту. Мына ушундай абалда 1993-жылдын 3-4-июнунда Азербайжандын Генже шаарында корпус командири генерал Сүрет Хусейнов бардык абалды эске алуу менен көзөмөлдү өз колуна алуу менен Бакуга жакындады. Болуп жаткан окуялардын улам чыңалуусу Азербайжанды граждандык согуштун коркунучуна алып келди. Оор саясий жана экономикалык кризиске туш болгон «Мусават» Азербайжан Элдик Фронтунун бийликтен кетүүгө мажбур болду.

Чыңалуудан улам жаралган граждандык согуш болуу коркунучунан, бөлүнүп жарылуудан өлкөнү куткаруу үчүн Азербайжан эли, мейли ошол убактагы бийликтин өкүлү болсун, мейли элдин жана мамлекеттин келечегин ойлогон жөнөкөй адамдар, мекенчил жаштар болсун, Азербайжандын эгемендүүлүгүн сактап, өлкөнү граждандык согуш коркунучунан, бөлүнүп жарылуудан сактап калуу максатында, ошол учурда Нахчыванда жашаган, Нахчыван АР Жогорку Кеңешинин башчысы, Азербайжан Республикасынын Улуттук Мажилисинин депутаты болгон Гейдар Алиевди Азербайжандын бийлигине алып келүү үчүн жалпы элдик аракеттерди баштады.

1993-жылдын 15-июнунда Азербайжан Республикасынын Жогорку Кеңешинин башчысы болуп шайланган Гейдар Алиев токтоосуз чараларды көрүүгө өттү. Азербайжандын жаңы жетекчилиги Мусават Элдик Фронтунун доорунда даярдалган жана өлкөнүн улуттук

кызыкчылыктарына туура келбеген нефть келишимин 1993-жылдын 21-июндагы жаңы кол коюлган келишимдер аркылуу жокко чыгарды.

1993-жылдын 15-июнунда алгач Азербайжан парламентинин спикери, кийинчирээк, 1993-жылдын 3-октябрында Азербайжандын президенти болуп шайланган Гейдар Алиев биринчи болуп жаңы башталган граждандык согуштун алдын алды, өлкөдө коомдук-саясий тынчтыкты, туруктуулукту орнотууга жетишти. Андан кийин белгилүү өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын эске алуу менен буга дейре башталып калган тышкы саясатты жүргүзүүдө тышкы басымды, тагыраак айтканда, Иран менен Россия тарабынан болгон басымдарды жумшартуу жана нейтралдаштыруу аракетин көрдү. Тышкы саясаттын туура жүргүзүлүшү ошол учурдагы Азербайжандын мамлекеттик суверендүүлүгүн сактап калуунун эң туура жолу болчу. Гейдар Алиев бир жагынан тышкы капиталды Азербайжанга тартуу аракетин көрөт, экинчи жагынан Москва жана Тегеран менен болгон мамилени бузбаган дыккат саясат жүргүздү.

1993-жылдын 17-сентябрында Азербайжан БУУга кошулду жана бул кадам 1994-жылы 12-майда Азербайжан-Армения арасындагы согушту токтотууга зор таасир тийгизди.

Согушту токтотуу келишиминин жарыялануусу президент Гейдар Алиев тарабынан өлкө ичиндеги туруктуулуктун калыбына келиши Азербайжандын экономикалык өнүгүүсү үчүн, өзгөчө анын табигый ресурстарын пайдаланууда чет өлкөлүк ишкерлер менен кызматташууга жагымдуу шарт түзүп берди. Азербайжан тез арада өзүнүн табигый байлыктарынын чет өлкөлүк компаниялар менен бирге иштетүү маселесинин үстүндө ишке киришти. Бирок 1993- жылдын жайында Гейдар Алиевдин бийликке келген алгачкы айларында да нефтинин айланасындагы жүргүзүлүп жаткан оюндар токтоп калган эмес. Чет өлкөлүк компаниялар менен бирге Азербайжан өкмөтүнүн атынан сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү укугуна ээ болгон Марат Манафов даярдаган вариант да Азербайжандын улуттук кызыкчылыктарына жооп берген эмес. Ал жакта изилдөө иштери үчүн алты жыл каралган жана бул мезгил ичинде чет өлкөдөн келген инвестиция 21 миллион долларды түзүшү керек эле. Келишимдин алгачкы вариантында «Чырак» кен корунан (запасынан) нефть, негизинен, 2007-жылы, башкача айтканда, келишимге кол коюлгандан 13 жылдан кийин гана өндүрүлө баштамак. Мындан тышкары, келишимдин алгачкы вариантынын негизинде табигый газ Азербайжанга базар баасында сатылышы керек эле. 1994-жылдын баштарында Азербайжан бийлиги тарабынан Хазар нефтисинин чет өлкөлүктөр менен бирге иштетүү боюнча жаңыдан интенсивдүү сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. 1994-жылдын февраль айында Азербайжан президенти Гейдар Алиев Улуу Британияга маанилүү иш сапары менен

барып келди. Бул иш сапарында Азербайжан-Улуу Британия өкмөтттөрү арасында 8 келишимге, тагыраак айтканда, «Нефть өндүрүш тармагында кызматташуу тууралуу» келишимдерге кол коюлду. Сүйлөшүүлөрдө Англиянын «Бритиш Петролиум» компаниясы «Чырак» жана «Азери» запастарын иштетүү боюнча эл аралык консорсиумда приоритеттүү орунга ээ болду, башкача айтканда, консорсиумдун Батыш катышуучулары үчүн жалпы инвестициялык үлүштүн 31 пайызы бөлүндү.

Мындан тышкары, Гейдар Алиев Англия-Норвегия алянсы болгон «Бритиш Петролиум-Статойл» компаниясынын келечекте «Шах-Дениз» нефть запасын иштетүү боюнча башталa турган келишимде жекече укукка ээ боло турган маселеде да макулдугун берди. Азербайжан президенти Гейдар Алиевдин Улуу Британияга болгон расмий иш сапарынан кийин эл аралык консорсиумда нефть запастарын иштетүү тууралуу сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүшү расмий деңгээлде нугуна түштү. 1994-жылдын жазында жана жайында Стамбул жана Хьюстондо сүйлөшүүлөрдүн акыркы этабын жүргүзгөн Азербайжан делегациясы улуттук кызыкчылыктарга толугу менен жооп берген келишимдин шарттарын даярдады. Бул сүйлөшүүлөрдүн негизинде 1994-жылдын 20-сентябрында Азербайжандын борбору Баку шаарынын кереметтүү «Гүлистан» сарайында «Кылымдын келишими» катары тарыхый аталышка ээ болгон алгачкы нефть келишимине кол коюлду. Хазар деңизинин Азербайжан секторунда «Азери», «Чырак» жана «Гүнешли» запастарын бирге иштетүү жана алынган кирешенин үлүшү тууралуу келишимге кол коюлушу, Азербайжандын нефть өндүрүү тарыхында жаңы бир багыттын ачылышы болду. Азербайжандын нефть өндүрүшүнүн, тагыраак айтканда, экономикасынын өнүгүшүндө жалпы коомдун, элдин жашоо шартынын жакшырында жаңы доорго жол ачкан «Кылымдын келишими»нин кол коюлушу менен башталган иш XXI кылымдагы Азербайжандын динамикалык өнүгүү жолун аныктады. Бул келишимде 7 өлкөнүн 11 нефть компаниясынын өкүлчүлүгү өз ордун алды. Бул келишимде, негизинен, Азербайжандын суу астындагы нефть запастары болгон «Чырак», «Азери» жана «Гүнешли» запастарынын иштетилүүсү 30 жылдык мөөнөттү камтыган. Бул мөөнөт ичинде 510 миллион тонна нефть өндүрүлүп, анын 258 миллион тоннасы (49,5) пайызы Азербайжанга тиешелүү болмок. Бул болсо мамлекеттин бюджетине 34 миллиард доллар киреше кирет дегенди билдирет. Башкача айтканда, Элдик Фронттун өкмөтү даярдаган келишим менен салыштырсак, 1994-жылы жайында даярдалган келишимдин акыркы вариантында Бакунун үлүшү 70-80 пайыз эле.

Натыйжада, келишимде эксплуатация боло турган запастардын тизмесине «Гүнешли» запасын 200 метрден терең суу алдынан иштетүү

дагы каралган. Андан кийин жүргүзүлгөн чалгындоо иштеринин негизинде бул запастардын көлөмү 510 миллион тонна эмес, 640 миллион тонна экендиги, табигый газдын запасынын көлөмү 100-150 миллиард куб метрге барабар экендиги белгилүү болду. Келишим боюнча жалпы инвестициянын көлөмү 10 миллиард АКШ долларына барабар болуп, анын 7,4 миллиарды Батыш компаниялары тарабынан келиши керек эле.

Келишимде Россиянын да кызыкчылыктары эске алынган. «Лукойл» компаниясынын үлүшү 10 пайыз, башкача айтканда, 800 миллион долларга жакын. Келишим боюнча өндүрүлүп чыгарыла турган нефтинин жалпы көлөмү азыркы учурдагы менен алсак 50 миллиард долларга барабар болгон, анын 34 миллиард доллары Азербайжандын үлүшүнө тиймек.

Бул долбоордун жогорку рентабелдүүлүгү батыш портнерлорунун Бакунун үлүшүнө 80 пайыз туура келишине да макул болуусуна алып келди. Негизи, кирешенин бөлүнүшү жумшалган капиталдын көлөмүнө жараша болушу керек эле. Келишимдин күчүнө кирген алгачкы 18 айында «Чырак-1» стационардык деңиз платформасы колдонууга берилиши, 4 жыл ичинде бардык запастарда даярдоо иштеринин жүргүзүлүшү жана 58 айдан кийин (4 жыл 10 айдан кийин) жаңы салынган нефть куурлары аркылуу транспортировкаланылышы керек болчу. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн жаңы курулуш Азербайжан Эл Аралык Аткаруу Компаниясы (АЭААК) аталган алгачкы нефть консорсиуму пайда болду. 1994-жылдын декабрында «Кылымдын келишими» Азербайжан парламентинде тастыкталды. Азербайжан Республикасынын президенти тиешелүү токтомго кол койгондон кийин бул келишим Азербайжан Республикасынын мыйзамы катарында күчкө ээ болду. 1995- жылы бул долбоорго 100 миллион доллар, 1996- жылы болсо 600 миллион доллар каражат жумшалды. Азыркы мезгилге чейин бул долбоорго 3 миллиарддан ашык доллар каражат жумшалган.

«Кылымдын келишиминде» инвестициянын бөлүнүшү (1996-жылдын апрелине карата) катышуучу компаниялардын үлүшүнүн тизмеси кийин киргизилген айрым өзгөрүүлөр менен төмөнкүдөй болгон:

КОМПАНИЯЛАР ИНВЕСТИЦИЯНЫН ҮЛҮШҮ

1. «Бритиш Петролиум» (Улуу Британия) – 17,61267% же 1,267 миллион доллар;
2. «Амоко» (АКШ) - 17,01% же 1,258 миллион доллар;
3. «Лукойл» (Россия) - 10,00% же 0,740 миллион доллар;
4. «Пензойл» (АКШ) - 9,8175% же 0,726 миллион доллар;
5. «Статойл» (Норвегия) - 8,5633% же 0,633 миллион доллар;
6. Унокал» (АКШ) - 11,2% же 0,828 миллион доллар;

7. «Иточу Сиодзи» (Япония) - 7,45% ;
8. «Рамко Энерджи Групп» (Улуу Британия) - 2,0825%;
9. «Түркиш Петролиум Кор.» (Түркия) - 1,75% же 129 миллион доллар;
10. «Дельта Нимур Хазар» (Суад Арабиясы) -1,68%;
11. «АРДНК» (Азербайжан) - 5%;

Япония «Иточу Сиодзи» компаниясы АКШнын «Мак. Дермоттт Интернейшнл» компаниясынын 5 пайыздык үлүшүн алуу менен 1996-жылдын мартынан баштап консорсиумдун катышуучусу болду. Бир аз убакыттан кийин, 1996-жылдын апрелинде «Иточу Сиодзи» компаниясы консорсиумда Американын «Пензойл» компаниясына 132 миллион доллар төлөө менен анын үлүшүн да өзүнө алды. Ошентип «Кылымдын келишимин» ийгиликтүү баштаган Азербайжан мамлекети бир топ Батыш өлкөлөрүнүн, биринчи кезекте АКШнын экономикалык кызыкчылыктарын жаратуу менен алардын көңүлүн өз проблемаларын чечүүгө тарта алды. Көрүнүп тургандай, батыш мамлекеттеринин ичинен «Кылымдын келишиминде» эң маанилүү үлүш АКШнын компанияларына ыйгарылган. АКШнын «Юнокал», «Амоко», «Пензойл», «Мак. Дермотт», «Эксон» сыяктуу компанияларына жалпысынан 50 пайыз инвестициянын үлүшү бөлүнгөн, бул болжол менен 5 миллиард АКШ долларына барабар эле. Азербайжандын АКШнын нефть компанияларына мындай жогорку пайыздагы үлүштү бергени АКШнын дүйнөдөгү экономикалык, саясий, аскердик күчүнө жана Азербайжандын туш болгон саясий жана экономикалык проблемаларын чечүүдө колдоо бере алат деген үмүткө байланыштуу эле.

СССР тарагандан кийин анын курамындагы республикалардын ичинен бир гана Азербайжан өз аймагынын 20 пайызын колунан чыгарып жиберген. Калкынын бир миллиондон ашыгы качкын болуп же жер которуп кетүүгө мажбур болгон. Экономикасы болсо күндөн- күнгө төмөнкү чекке жакындап бараткан жана өлкөнү инфиляциялык жана финансылык кризис каптап келаткан. Бул оор абалдан алып чыгуу үчүн Азербайжан Республикасы биринчи кезекте экономикалык жана финансылык жактан күчтүү болгон АКШга үмүт артып турган. Муну менен өлкөнү экономикалык-финансылык кризистен алып чыгуу жана СССР тарагандан кийин дүйнөдөгү саясий жактан да алдыңкы өлкөлөрдүн бирине айланган АКШнын аскердик колдоосуна ээ болууну максат кылган. АКШ жана башка дүйнөнүн авторитеттүү өлкөлөрүнүн көмөгү менен чектешкен өлкөлөрдүн Азербайжанга болгон экономикалык жана саясий басымдарын нейтралдаштырууну каалаган.

«Кылымдын келишими» долбоорунун биринчиси да, экинчиси да, акыркы варианты да Улуу Британиянын компаниялары менен тыгыз кызматташууга байланышкан. «Кылымдын келишиминде» АКШдан кийинки инвестициянын үлүшү Улуу Британиянын «Бритиш Петролиум» (17,61 пайыз) жана «Пемко-энерджи груп» (2,08 пайыз) компанияларына бөлүнгөн. Бул дагы логикалык жактан алып караганда, Батыш өлкөлөрүнүн алдыңкылары катары Улуу Британиянын экономикалык жана саясий колдоосуна үмүт артуу максатынан улам эле. Азербайжан Республикасы, сөздүн түз маанисинде, Россияга карата болгон көз карандылык абалынан чыгып, кеңири масштабдуу кызматташуу чөйрөсүнө ээ болуу максатында Батыш өлкөлөрү менен кызматташууга барган.

Батыш өлкөлөрү менен ийгиликтүү кызматташууга жетише алган жана принципиалдуу проблемаларын ийгиликтүү чечип алган Азербайжан кайрадан Иран жана Россия тарабынан олуттуу басымдарга туш болду. Азербайжан туш болгон ички жана тышкы кыйынчылыктарынын негизги себеби да нефть менен байланыштуу эле. Ошол мезгилде нефтини дүйнөлүк базарга алып чыгуу үчүн Азербайжандын өз куур системасы жок эле. Нефтинин заманбап ыкма менен өндүрүлүшү жана дүйнөлүк базарга алынып чыгуусу үчүн экспорттоо мүмкүнчүлүгүнүн болушу баштапкы фактор эле. Ошондуктан аталган тышкы күчтөр бул фактордон пайдаланып, келишимге кол коюга тоскоолдук кылууга аракеттеништи. Бул максатта Иран менен Россия тарабынан Хазар деңизи Хазарга чектешкен өлкөлөр үчүн бирдей деңгээлде тиешелүү жана аны улуттук секторго бөлүү мүмкүн эмес деген тезисти сунушту. Ошондой эле, алар нефт менен байланышкан келишимге Азербайжандын бир тараптуу болуп калганын жана «Азери», «Чырак» жана «Гүнешли» нефть запастарынан нефть өндүрүү укугуна ээ болйбой калганын билдиришти. Мындай дооматтарды айткан өлкөлөрдүн максаты, Азербайжандын чет өлкөлүк нефть компаниялары менен кызматташууга жол бербөө жана аны алсыз, жөндөмсүз, көз каранды өлкө абалында кармап туруу эле.

Бирок Азербайжандын бийлиги туура жолго түштү: республиканын реалдуу өз алдынчалыгы, келечеги өлкөнүн экономикасын кризистен чыгаруу жана өнүктүрүү, тышкы капиталды тартуу менен гана аныкталышы мүмкүн эле. «Кылымдын келишиминин» 5 жылдыгына байланшытуу Гейдар Алиевдин атынан сарайга чыккан АРДНКнын ошол убактагы биринчи вице-президенти Илхам Алиев оор кырдаалга байланыштуу мындай деген: «Жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрдү эске алуу менен жана өтө аз адам гана билген бир фактыны айткым келет. Хазар деңизинин статусунун чечилиши тууралуу маселе өтө катуу коюлган,

Азербайжанга карата болгон таасир ушунчалык күчтүү эле жана булардын баары «Биз жол бербейбиз» деген сыяктуу дипломатиялык эскермелер менен коштолгон, чет өлкөлүк компаниялар бул тезистерди келишимдин шарттарына кошуп коюшту. Башкача айтканда, келишим Хазар деңизинин статусу чечилгенден кийин күчүнө кирет эле. Факт катары алганда, бул келишимге кол коюла турганын, бирок күчүнө кирбей турганын жана иш башталбай турганын билдирет эле».

Албетте, Азербайжан буга макул болбойт эле. Ошол убакта Азербайжан Республикасынын президенти Гейдар Алиев АКШнын Энергетика Министрлигинин жетекчилиги менен жолугушуу үчүн АРДНКнын биринчи вице-президенти Илхам Алиевдин ошол учурдагы сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн АКШнын Хьюстон шаарынан Вашингтонго которулушу тууралуу чечим кабыл алды. АКШнын Энергетика министринин ошол убактагы жардамчысы Билл Лайф менен жолугушкан Илхам Алиев Азербайжандын бул маселеге байланыштуу позициясын жана келишимде Хазардын статусу боюнча тезистин болушунун кандай натыйжага алып барары тууралуу сүйлөштү. Болгону Америка өкмөтүнүн аралашуусунан кийин чет өлкөлүк нефть компаниялары бул пункту алып салууга макулдугун беришти. Илхам Алиев «эгер ошол убакта чет өлкөлүк компаниялар буга макулдугун бербесе, бүгүнкү күндө «Чырак» нефть запасында эч бир иш жүрбөйт эле» деп баса белгиледи. Ошондуктан, бул күнү Хазардын статусу маселеси чечилбей, натыйжада, ал багытта эч бир иш жүрбөй, бүгүнкүдөй жыйынтык дагы болбойт эле.

Келишимге кол коюлгандан кийин Азербайжандын өз ичинде да бир топ проблемалар чыгып кетти. Келишимге кол коюлгандан бир нече күндөн кийин Азербайжанда мамлекеттик төңкөрүш жасоого аракеттер жасалды, бирок бул аракеттер ийгиликсиз болду. Кийин террордук күчтөр баш көтөрүп, бир топ террордук актыларды ишке ашырышты. 1995-жылдын мартында тышкы күчтөр менен ички реакциянын биригишинин натыйжасында экинчи жолу мамлекеттик төңкөрүш кылуу аракети болду. Алардын максаты Гейдар Алиевди жок кылып, бийликти колго алуу эле. Азербайжан бул жолу өз мамлекеттүүлүгүн татыктуу сактай алды. Төңкөрүшчүлөрдүн бир тобу камалды, бир тобу жок кылынды, бир тобу болсо коңшу өлкөлөргө качып, Азербайжанга каршы жаңы соккуларды даярдоону улантышты. Кийинки доорлордо да Азербайжан президенти Гейдар Алиевге каршы кол салуу планы даярдалды. Украина президенти Л. Кучма жана Азербайжан президенти Гейдар Алиевдин өтө турган көпүрөнүн алдына жардыруучу зат коюлду. Тышкы сапардан кайткан Азербайжан президентинин учагын «Стрела» ракетасы менен атып түшүрүү аракети шамалдын багытынын өзгөрүшүнөн улам ордунан чыкпай калды. Азербайжан президенти Илхам Алиев бул тууралуу: «Бул

аракеттердин баары «Кылымдын келишиминин» ишке ашуусуна тоскоолдук кылуу экендиги саясаттан узак, жөнөкөй адамга да белгилүү болуп турат» – деп айтты.

Бирок Азербайжан бардык сынактардан өтүп кетти, бардык кыйынчылыктарды жеңип чыкты, бардык берген убадаларына турду. Ошол эле учурда дал ошол ири өлкөлөрдүн, алардын нефть компанияларынын эгемендүү Азербайжан мамлекетине көргөзгөн ишениминин натыйжасында контракт ийгиликтүү ишке ашты.

«Кылымдын келишиминин» 5 жылдыгына байланыштуу өткөрүлгөн жыйында Азербайжан Республикасынын президенти Гейдар Алиев мындай деген: «Кылымдын келишими» жана анын ишке ашышынын 5 жылдык тарыхы, алынган жакшы жыйынтыктар эгемендүү Азербайжанда укуктук демократиялык мамлекетти куруу процессинин натыйжасы, Азербайжан мамлекетинин пландуу ички жана тышкы саясатынын натыйжасы, Азербайжанда базар экономикасынын принциптеринин орношу, өлкөбүздүн дүйнө экономикасы менен интеграциясы жана Азербайжан мамлекетинин республикабызга тыш жактан инвестиция тартуу багытындагы жүргүзгөн саясатынын натыйжасы болуп эсептелет.

«Кылымдын келишиминин» кол коюлушу жана ийгиликтүү ишке ашышынын натыйжасында Азербайжандын эл аралык майданда кадыры бир топ жогорулады. «Кылымдын келишиминин» 5 жылдык юбилейине АКШнын президенти Билл Клинтондон, Улуу Британиянын премьер-министри Тони Блейрден, Түркиянын президенти Сулейман Демирелден, Япониянын премьер-министринен, Норвегиянын, Бельгиянын премьер-министрлеринен, Грузиянын президенти Эдуард Шеварнадзеден, Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдон, Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаевден, Сауд Арабиянын королунан жана бир топ башка өлкөлөрдөн Азербайжан мамлекетине урмат көрсөтүү менен жиберген куттуктоолор келди. Бул куттуктоолордо Азербайжандын дүйнөнүн бир топ өлкөлөрүнүн ири нефть компаниялары менен кызматташып алып барган иштерине жогорку деңгээлде баа берилди.

Азербайжан Республикасынын президенти Гейдар Алиев «Кылымын келишимин» ийгиликтүү ишке ашырган Азербайжанда аткарылган иштер дүйнөгө дагы бир жолу Хазар деңизинин Азербайжан сектору нефть жана газ запастарына бай экендигин, экинчиден, Азербайжан мамлекети менен узак мөөнөттүк келишим аркылуу иштөөгө боло турганын далилдегенин баса белгиледи.

«Кылым келишиминин» ийгиликтүү ишке ашышынын бир топ илимий себептери дагы бар. Алгач анын негизин Азербайжандагы жүргүзүлгөн демократиялык курулуш процесстери, Азербайжандын

бүткүл дүйнөгө ачык болуу принциби, 1993- жылдан кийин Азербайжанда системалуу ички коомдук-саясий абалдын туруктуу абалга келиши болуп саналат. Мына, Азербайжандын бүгүнкү күндө ушундай туруктуу абалда тынч жана коопсуз шарттарда жашоосу дүйнөдөгү ири нефть компанияларынын, ири мамлекеттердин Азербайжанга карата урмат көрсөтүп, аны менен кызматташуусун шарттады. Бүгүн «Кылымдын келишими» Азербайжанга эмне берген же келечекте бизди эмне күтүп турат? – суроосуна «Кылымдын келишиминин» 5 жылдыгында уюштурулган салтанатта сөз сүйлөгөн АРДНКнын ошол убактагы биринчи вице-президенти Илхам Алиев мындай жооп берди: «Бүгүн бир гана «Кылымдын келишиминин» айланасында жумшалган каражаттардын көлөмү 2 миллиард долларды түзөт. Башка келишимдерге жумшалган каражаттарды да эске алсак, бул көрсөткүч 3 миллиард долларга жакындайт. Ар бир адам башына түшкөн тышкы каражаттар боюнча алып караганда, Азербайжан Советтер Союзунун мурунку катарындагы республикалардын ичинде биринчи орунда турат жана бир топ Чыгыш Европа өлкөлөрүнөн өтүп кетет».

Бүгүн келишимде эске алынган пункттарга таянсак, 2000-ден ашык Азербайжан жараны нефть компанияларынын техникалык-инженер багытында иштейт. Алардын алган айлык акысы орто эсеп менен алганда, 750 долларга барабай болот. Нефть компанияларында 10 миңге жакын Азербайжан жараны иштейт. Эгер жалпысынан алганда, соода, тигүү, турмуш-тиричилик жана башка багыттарында иштеген адамдарды эске алсак, жаңы иш орундарынын жалпы саны 30 дан ашат.

Тышкы кызматташтар менен бирге жалпысынан үч жыл ичинде Азербайжан «Кылымдын келишими» аркылуу өндүрүлүп чыгарылган нефтинин дүйнөлөк базарларга экспорттону аныктоо тууралсында алган милдетин аткара алды. Дүйнөлүк тажрыйбада мындай нерсе болгон эмес жана дүйнөдөгү нефть өндүрүшүнүн тажрыйбасы мындай нерсени практикада көргөн эмес.

1995-жылдын январь айынан 1997-жылдын ноябрь айына чейин Азербайжанда деңизден нефть чыгарган «Деде Коркут» суу астындагы казуу иштерин алып баруучу аппарат колдонууга берилди. Анын казган биринчи кудугунан «Чырак-1» платформасынан Сенгечалдагы жээктик терминалына карай 177 км узактыкта суу алдындагы түтүктөр орнотулду жана Сенгечалда жээкте терминал курулду. 1997-жылдын окутябрь айында Баку-Новороссийск нефть кууру эксплуатацияга берилди. Ушундан улам 1997-жылы 12-ноябрда Бакудагы Республика сарайында атайын салтанат уюштурулду жана бул салтанатта дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнөн өкүлдөр , саясатчылар, нефть компанияларынын өкүлдөрү, иш адамдары келип катышты.

1999-жылдын 17-апрелинде Баку-Суспа нефть түтүктөрү жана Грузиянын Кара деңиз жээктериндеги Суспа экспорт терминалы колдонууга берилди. Бул дагы эгемендүү Азербайжандын тарыхында өтө маанилүү окуя болду. Себеби Баку-Новороссийский нефть куурларын колдонууда Азербайжан бул жаңы жол аркылуу тышка өз алдынча нефть продукцияларын жөнөтө ала турган мүмкүнчүлүккө ээ болду.

Ошентип Азербайжандын туура нефть стратегиясы анын эл аралык айдыңдагы кадыр- баркын бир топ көтөрүп койду. Бул жагынан алганда Азербайжан үчүн улуу тарыхый мүмкүнчүлүккө ээ болгон «Кылымдын келишими», ошол эле учурда эл аралык деңгээлдеги мааниге ээ болду. Бул ийгиликтүү нефть саясатынын негизинде кийинки жылдарда кошумча келишимдерге да кол коюлду. Эми дүйнөнүн ири өлкөлөрү менен , ири нефть компаниялары менен (14 өлкөгө тиешелүү болгон) 25келишимге кол коюлду жана алар системалуу түрдө ишке ашырылды.

Бул нефть багытындагы кол коюлардын негизинде, тышкы нефть компаниялары өлкөбүздө бонустар жана башка окшош төлөмдөр түрүндө финансылык каражат маселесин чечишкен. Бул болсо өз кезегинде Азербайжандагы финансылык туруктуулуктун сакталышында маанилүү роль ойноду.

«Кылымдын келишими»нин 5 жылдыгына байланыштуу салтанатты уюштурган АРДНКнын ошол убактагы 1- вице президенти Илхам Алиев өз сөзүндө мындай деп билдирди: «Эми Азербайжанга 700 миллион долларга жакын каражат көчүрүлгөн. 1999-жылдын аягында пландалган төлөмдөр да эске алынуу менен бирге, бул сумма 815 миллион доллардан ашат. Салыктар, ижара акылары, куурлардын тарифтери, пенсия жана башка социалдык фонддорго төлөмдөр түрүндө Азербайжан кошумча 154 миллион доллар алган. Ошентип 1999-жылдын 1-сентябрында бонустар, салыктар жана башка төлөмдөр түрүндө Азербайжан 855 миллион доллар же 3 триллион 400 миллиард манат алынган. Салыштыруу иретинде айтып өтөйүн, өлкөнүн жылдык бюджети 3 триллион 900 миллиард манатка барабар.

Бул болсо болжол менен 500 миллон АКШ долларына туура келет жана нефть өндүрүшүнө жумшалган инвестиция Азербайжандын ички мүмкүнчүлүктөрүнөн жана мамлекеттик бюджеттен эки эсе көптүк кылат.

«Кылым келишиминин» ийгиликтүү ишке ашуусу жана андан кийинки нефть өнүрүү багытындагы келишимдерин жолго коюлушу Азербайжандын жарандарында оптимисттик сезимди жаратуу менен, азыркы бир топ саясий, коомдук-экономикалык жана руханий негизге ээ болгон проблемаларын келечекте чечиле турганына болгон үмүтүн арттырды. Тактап айтканда, чатырларда жашаган, мекенинен куулган Армениянын Куралдуу Күчтөрүнүн Азербайжандын территориясын

басып алуусунун натыйжасында качкын болгон адамдар «Кылым келишиминин» ийгиликтерин көрүп, мамлекеттин саясатына терең ишеним артты жана албетте, өз жерине, мекенине качан кайта тургандыктары тууралуу ойлоно баштады. Буга байланыштуу Азербайжандын президенти Гейдар Алиев «Кылым келишиминин» 5 жылдыгына карата уюштурулган салтанатта сүйлөгөн сөзүндө, бул багыттагы бардык иштер Азербайжанды бир мамлекет катары бекемдөө, өнүктүрүү, күчтөндүрүү, Азербайжандын экономикалык потенциалын арттыруу үчүн экендигин белгиледи.

Албетте, бул да Армения-Азербайжан, Тоолуу Карабаг талаштарынын тынчтык жолу менен чечилүүсүнө, өз жеринен качкынга айланган журтташтарыбыздын өз үйлөрүнө кайтуусуна, Азербайжандын территориялык бүтүндүгүнүн аныкталышына мүмкүнчүлүк жаратат. Булардын чечилүүсү башка бардык маселелердин да чечилишине жардамчы болору шексиз. Мамлекет башчысы өз сөзүндө Азербайжан мамлекетинин нефть стратегиясы эми өзүнүн натыйжаларын берип, Азербайжанды дүйнө өлкөлөрүнө өз алдынча эгемендүү мамлекет катары таанытарын өзгөчө белгилеп кетти. «Кылым келишиминен», башка келишимдерден алынган кирешелер, байлыктар, Азербайжан элинин келечек муундарынын камсыз жашоосу үчүн олуттуу бир негиз жаратты.

«Кылым келишиминен» өткөн мезгилде Азербайжан мамлекети бул багытта бир топ тарыхый мааниге ээ болгон долбоорлорго кол койду. 1999- жылдын 18-ноябрында Түркиянын Стамбул шаарында өткөрүлгөн АТЭТнин саммитинде Баку-Тбилиси-Жейхан негизги экспорттоо түтүктөрүн курулушуна байланыштуу макулдашууга кол коюлду. Ошентип, «үч деңиздин уламышы» аталган дүйнөлүк маанидеги түтүк долбоорунун курулушу үчүн саясий чечим чыгарылды. Бул эмгектин, системалуу түрдө жүргүзүлгөн күрөштүн натыйжасында2006-жылдын 28-майында Азербайжан нефти «Баку-Тбилиси-Жейхан» маршруту аркылуу Түркиянын Жейхан портуна чейин жетти. 2014-жылдын 4-июлунда нефть толтурулган алгачкы танкер бул маршрут менен жолго чыкты.

2006-жылдын июль айынын 13 дө Түркиянын Жейхан шаарында Гейдар Алиевдин атынан XXI кылымдын эң ири энергетикалык долбоору болгон Баку-Тбилиси-Жейхан экспортто түтүктөрүнүн ачылыш салтанаты өткөрүлдү. Андан бери бүгүнкү күнгө чейин 263 миллион тонна нефть танкерлер менен тышкы дүйнөлүк базарга чыккан.

Азербайжан эли «Кылым келишиминин» 20 жылдыгын маайрам катары өткөрөт. Азербайжан мамлекетинин эгемендүүлүгүнүн экономикалык каржыланышы жана экономикалык өз алдынчалыгынын негизги пайдубалы «Кылым келишими» менен коюлду. Бул келишимден кийин Азербайжан нефть өлкөсү катары дагы бир жолу аты чыкты жана

дүйнө өлкөлөрүнүн Азербайжанга болгон кызыгуусу артты, өлкөбүздүн эл аралык мамилелеринин кеңири масштабга жайылышына негиз жаралды. Дүйнөдө саясий кадыр-баркы бир топ көтөрүлгөн Азербайжан Түштүк Кафказдын лидерине айланды. «Кылым келишиминин» маанисине токтолгон Азербайжан Республикасынын президенти Илхам Алиев мындай деген: «Эгер «Кылым келишимине» кол коюлбаган болсо, анда албетте, Баку-Тбилиси-Эрзурум газ түтүктөрү курулбайт эле жана бүгүн биз «Шахдеңиз» запасынан газга ээ болмок эмеспиз». Өтө чоң кызыгууну жараткан ТАНАП, ТАП, «Түштүк» газ коридоруна байланыштуу талкуулар болбойт эле. Эми Азербайжандын энергетика тармагынын өнүгүшү үчүн керектүү багытта иш алып барсак, нефть жана газ элибиздин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылат. Бул табигый байлыктан алынган киреше адилеттүү түрдө бөлүнөт, себеби бул элди социалдык жактан коргогон, ишенимдүү камсыздаган негизги тармак». (Кара: «Халк гезити» 18-сентябрь 2014-жыл, №203, 1-б.).

Макаламды төмөнкүдөй ой менен бүтүргүм келип турат: өлкөбүздүн аймагында жана Хазар деңизинин түбүндө миллион жылдар бою топтолуп калган жер алдындагы табигый кен байлыктардан, тактап айтканда, нефть жана газдан толугу менен жана максатка ылайык негизде пайдалануу мүмкүнчүлүгүн элибизге СССР тараган мезгилде, дүйнөдө энергия ташуучулардын кадыр-баркы жана баасы жогорку деңгээлге чыкканда жана Азербайжан өз эгемендүүлүгүнө жаңыдан гана жетишкен мезгилде, ошону менен бирге, лидерибиз Гейдар Алиевдин бийликке келиши менен бир мезгилде болуп калганы зор мааниге ээ болду.

Бактыга жараша, он жыл ичинде Гейдар Алиев тарабынан иштелип чыккан жана ийгиликтүү ишке ашкан нефть стратегиясы, бүгүн Азербайжан Республикасынын Президенти Илхам Алиев мырзанын уюштуруу чеберчилиги, кайталангыс зор эмгеги, жөндөмдүүлүгү, өжөрлүгү, чечкиндүүлүгү жана «Гейдар Алиев сыяктуу» тайманбастыгынын натыйжасында мына ушундай жогорку деңгээлде, дүйнөдө аналогу болбогон бир чеберчилик менен иш жүзүнө ашырылды. Бул болсо, Азербайжан мамлекетинин эгемендүүлүгүнүн түбөлүктүүлүгүнүн, туруктуулугунун жана бекемдигинин ачык далили.

**Гафар АЛИЕВ**
**Азербайжан Республикасынын президентинин**
**Аткаруу Аппаратынын бөлүм башчысы,**
**ЖАП Саясий Кеңешинин мүчөсү**